УДК: 9:069

*Жусупова М. М., тарых илим. канд., доцент*
*ТалМУ, Кыргызстан*

## ТАЛАС ШААРЫНДАГЫ МУЗЕЙЛЕРДИН ТАРЫХЫ

*Макалада Талас шаарындагы музейлердин тарыхы жана андагы сакталып турган буюм-тайымдар жөнүндө сөз болот. Музейлер аркылуу ошол аймактын жана облустун, шаардын тарыхын чагылдырууга аракет жасалат. Макалада көрсөтүлгөндөй, Талас шаарында негизги 4 музей учурда активдүү иш алып барып жатышкандыктары иликтөөгө алынган. Мисалы, Аман Токтогулов атындагы музей, Талас мамлекеттик университетинин алдындагы Канат Кеңешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музей, Тарыхый-край таануу музейи (Р. Я. Рысакова атындагы № 2 мектеп).*

*Ар бир музейдин өзүнүн өзгөчөлүгү көрсөтүлөт. Музей искусствонун, тарыхтын, илимдин, техниканын жана адамзаттын башка чөйрөлөрүндөгү эстеликтерди чогултуу, изилдөө жана сактоочу социалдык-маданий мекеме экени макаланын жыйынтыгында берилди.*

***Өзөктүү сөздөр**: музей, тарых, музейлердин тарыхы, тарыхый-этнографиялык, Талас, ишмердүүлүк.*

*Жусупова М. М., канд. истор. наук, доцент*
*ТалГУ, Кыргызстан*

## ИСТОРИЯ МУЗЕЕВ ГОРОДА ТАЛАС

*В научной статье автор описывает историю музеев города Талас и хранящихся в них артефактов. Музеи отражают историю данного края, области и города.*

*Как отмечается в статье, в настоящее время четыре крупных музея города Талас ведут активную исследовательскую работу. Например, музей имени Амана Токтогулова, историко-этнографический музей имени Каната Кенешбекова при Таласском государственном университете, историко-краеведческий музей (школа № 2 имени Р.Я. Рысакова).*

*Каждый музей имеет свою уникальность. В статье делается вывод о том, что музей является социокультурным учреждением, собирающим, изучающим и сохраняющим памятники в области искусства, истории, науки, техники и других областей человечества.*

***Ключевые слова:** музей, история, история музеев, историко-этнографический, Талас, деятельность.*

*Zhusupova M. M., PhD, Associate Professor*
*TalSU, head, department chair*
*history and social sciences Talas, Kyrgyzstan*

## HISTORY OF TALAS MUSEUMS

*In a scientific article, the author describes the history of Talas museums and the artifacts stored in them. In other words, the museum of these cities is trying to reflect the history of the region and the city.*

*According to the article, four major museums in Talas are currently under investigation. For example, the Museum named after Aman Toktogulov, the Historical and Ethnographic Museum named after Kanat Keneshbekov at Talas State University, the Museum of Local History (School No. 2 named after R.Ya. Rysakov).*

*Each museum has its own uniqueness. The article concludes that the museum is a socio-cultural institution that collects, studies and preserves monuments in the field of art, history, science, technology and other areas of humanity.*

***Key words:** Museum History of museums. Talas. Activity.*

Музей (Мураскана) (лат. musaeum, грек. museion – музалар храмы) – көркөм сүрөт искусствосунда – көркөм чыгармаларды экспозициялоочу, окуп үйрөнүүчү, сактоочу жана чогултуучу мекеме. СССРде музей мамлекеттик илимий-изилдөөчү, маданий-агартуучу тарбиялык маанидеги мекеме болуп эсептелген [1].

*Музейлердин негизги багыттары төмөнкүлөр болуп саналат:*

- Этнографиялык ар түрдүү элдердин тарыхы жана азыркы мезгили, ошондой эле алардын маданияты боюнча адистешкен;
- Археологиялык – ар түрдүү өлкөлөрдүн аймагында жүргүзүлгөн казуулардын натыйжасында алынган археологиялык далилдер, негизинен, материалдар;
- Аскердик-тарыхый – согуш жана согуштан кийинки доордогу материалдар жайгашат, анын ичинде аскердик техникалар, курал-жарак, кийим-кече жана жоокерлер колдонулуп келген мыйзамдар жана башка заттар;
- Материалдык-тарыхый – түп-мүнөзү ар түрдүү өлкөлөрдөгү ар кандай өкмөт жөнүндө маалыматты чогултат;
- Жалпы тарыхый музей, мындайча айтканда, ар кандай өлкөлөрдүн жана аларды өнүгүүсүнүн келип чыгышы жана тарыхы жөнүндө материалдарды камтыйт [2].

Талас облусунда анын ичинде Талас шаарында дагы музейлер өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп жаткандыгы белгилүү.

Талас шаарында, жалпы жонунан, 4 музей өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Алардын экөөсү юридикалык жактан музей макамына ээ болсо, калган экөөсү – мамлекеттик мекеменин ичинде, ошол жерде эмгектенген инсандардын демилгеси менен түзүлгөн чакан музейлик бөлмөлөр. Алар:

**Аман Токтогулов атындагы музей.** Аман Токтогулов атындагы Талас облустук китепкананын директору Телегей Жаркыналиеванын берген маеги боюнча, Аман Токтогуловдун жакындары, өзгөчө, Түгөлбай Казаковдун демилгеси жана каржылоосу менен 2010-2011-жылдары китепкананын ичинен атайын бир бөлмөнү музей катары уюштурушуп, Аман Токтогуловдун ысымын ыйгарышкан. Музей учурда өз ишин улантууда.

Музейдин ичинде бир чоң бөлмө бар, негизинен, ал бөлмөдө Аман Токтогуловго таандык (*№1 сүрөт*) орден, медалдар, ээлеген кызмат ордун далилдеген күбөлүк, документтер, кол жазмалары, колдонгон кээ бир буюм-тайымдары жана үй-бүлөлүк сүрөттөрү коюлган. Андан тышкары, бөлмөнүн ортосунда конференция, илимий жолугушуу, ар кандай талкуу сабактарын уюштурууга ылайыкталган тегерек үстөл жайгашкан.

Музейдин эң негизги максаты болуп Аман Токтогуловдун өрнөктүү жолун унутпастан эстеп, жаштарга үлгү катары көргөзүү саналат.

Талас мамлекеттик университетинин алдындагы Канат Кеңешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музей.

Музей 2016-жылы ТалМУнун 20 жылдык маарекесине арналып негизделген. Музей окуу жайдын илимий, маданий жана агартуу чакан борбору болуп эсептелет.

Музейдин ысымы өзүнүн өсүп-өнүгүү тарыхында эки ирет өзгөргөн:

- 2016-2020-жылдарда – “Музей-кабинет”;
- 2020-жылдан тарта Канат Кеңешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музей.

Музей, негизинен, эки бөлүмдөн (бөлмөдөн) турат:

1. Талас мамлекеттик университетинин тарыхы;
2. Талас өрөөнүндөгү тарыхый, археологиялык-этнографиялык табылгалар.

*Уюштуруучулар:* гуманитардык факультеттин деканы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Абдиева Жылдызкан Канатбековна, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Жусупова Моймол Молдобековна, Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплексинин “Манас эпосу” музейинин директору Жунушалиев Асан Самилович жана тарыхчы-окутуучу Бекмуратова Динара Замировна.

2021-жылы музейге окуу жай тарабынан атайын статус берилип, директорлук кызматка доцент Жусупова Моймол Молдобековна дайындалган.

Аталган музейде Талас өрөөнүндөгү илимий негиздеги тарыхый, археологиялык-этнографиялык буюмдарды жана окуу жайдын өсүп-өнүгүүсүнө салым кошуп кеткен жана келе жатышкан профессордук-окутуучулар жамаатынын өздүк документтерин жыйнап-топтоо маселесине өзгөчө көңүл бурулуп келет.

Музейде облусубуздун, окуу жайдын инсандары жөнүндөгү материалдар, алардын өздүк буюмдары, документтери, сыйлыктары сакталып турат. Учурда музейге окутуучулар, студенттер тарабынан ар кандай тарыхый буюмдар тапшырылып, толукталып келет *(№ 3-сүрөт*).

К. Кеңешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музейдеги баалуу табылга болуп 2020-жылдын 18-март күнү Манас районундагы Кара-Арчадан табылган 4 даана кумура *(№4 сүрөт)* эсептелет. Тактап айтканда, айыл тургуну Термечик уулу Бактыбектин чарбагынан таза суу чыгаруу үчүн арык казуу учурунда табылган. Бул кумуралар болжолуу VII-XIII кк. тишелүү. Белгилүү археолог-окумуштуулар Кубат Табалдиев, Ороз Солтобаев жана Талас мамлекеттик университетинин жетекчилери, тарыхчылары менен кеңешип, кумуралар жогоруда аталган музейге коюлган.

Тарыхый-край таануу музейи (Р. Я. Рысакова атындагы № 2 мектеп). Алгач мектептин тарыхына кайрылсак. Мектеп 1889-жылы Димитревка кыштагындагы 1 класстуу чиркөө-мектеби катары калыптанган. 1901-жылы биринчи баскычтагы мектеп. 1936-жылдан тарта орто мектеп катары саналып, алгачкы бүтүрүүчүлөрүн 1937-жылы уясынан учурган.

Бул мектептен бүтүндөй республикага белгилүү академик, илимдин кандидаттары, изилдөөчүлөр билим алышкан. Өзүнүн кылымга тете тарыхы бар бул мектепти калыптанган мезгилинен тарта көптөгөн директорлор башкарып келген. Ошолордун ичинен 1962-1963-жылдары директор, ага чейин окутуучулукту аркалап келген, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Рысакова Раиса Яковлева мектептин ичине тарыхый-край таануу музейин уюштурган. Ал жакта Беш-Таш, Үрмарал, Бакай-Таш сыяктуу капчыгайларга жасалган туристтик жүрүштөрдүн натыйжасында табылган уникалдуу табылгалардын коллекциясы чогултулган [3: 68-69]. №2 мектептин туристтери (окуучулары, изилдөөчүлөрү) туулуп-өскөн жерине 400дөн ашуун саякатка чыгып келишкен. Музейге 30 жылдык изилдөө иштеринен табылган материалдар колдонулган. Алар – мектептин тарыхы, Талас өрөөнүнүн тарыхый жана жаратылыш эстеликтери. Музейде геология, жаныбарлар дүйнөсү ж. б. у. с. бөлүмдөрдөн турган 2000ден ашуун экспонат бар *(№5-сүрөт).*

Алгач 1949-жылы пионердик бөлмөдө край таануу бурчу уюштурулган. Ал 1953-жылы чоң бөлмөнү түзгөн. 1958-жылы ал край таануу музейи болгон. 1998-жылы бул музей өзүнүн 50 жылдык маарекесин өткөргөн. 1982-жылы расмий түрдө мектеп музейи наамын алган [4: 69-70].

Музей 4 бөлүктөн туруп, жалпы жонунан, тарыхый, географиялык, экологиялык, зоологиялык 1000ден ашуун экспонат кездешет.

Тарых бөлүмүндөгү эң кызыктуу экспонаттар Ак-Дөбөдө табылган. Алар – X-XIV кылымдарга таандык, кол чырактар, кумуралар ж. б. ар кандай буюмдар.

Мындан тышкары, орто кылымдардан калган чоподон жасалган суу түтүктөрү (куур), орус жана кыргыздар колдонгон тиричилик буюмдары да бар.

Географиялык бөлүмдө Кыргызстандагы жана Талас өрөөнүндөгү тоолордон табылган минералдардын 200дөй түрү чогултулган.

Зоологиялык бөлүм Элге билим берүүнүн отличниги, биология мугалими Ш. Р. Петрова тарабынан негизделген. Ичинде 60тай жаныбарлардын жана канаттуулардын сөлөкөтү (чучело) бар. Кызыктуу экспонат катары курт-кумурскалардын ажайып *(№6 сүрөт)* дүйнөсүн айтсак болот. Көпөлөктөрдүн, коңуздардын, ийнеликтердин коллекциясы чогултулган. Андан тышкары, ушул эле бөлүмдө Талас өрөөнүнө таандык дары чөптөрдүн гербарийлери да бар.

“Балыктар” жана “Моллюскалар” бөлүмүндөгү экспонаттардын көпчүлүгү №2 мектептин окуучулары тарабынан топтолгон.

Экологиялык бөлүмдө (*№7 сүрөт*) жоголуу коркунучунда турган жана өзгөчө коргоого алынган жан-жаныбарлардын жана канаттуулардын сөлөкөттөрү Альпы тоолорунда жүргөндөй элес калтырган экспозиция бар.

Азыркы күндө бул музей Талас шаарындагы жападан-жалгыз край таануу музейи катары саналып келет [5: 70-71].

Талас шаардык көркөм сүрөт музей. Бул музей Талас шаарынын борбордук бөлүгүндө жайгашкан. Атай Огонбаев атындагы балдар музыкалык мектебинин алдында түзүлгөн (*№ 8 сүрөт. Талас шаардык көркөм сүрөт музейи).*

Талас шаардык көркөм сүрөт музейи 2016-жылдын 23-мартында Кыргыз Республикасынын “Музейлер жана музейлер фонду” Мыйзамынын 14-беренесинин 2-пунктун жетекчиликке алып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VI чакырылыштагы сессиясынын № 244/31-6 токтомунун негизинде Талас шаардык А. Огонбаев атындагы музыкалык мектебинин имаратында жайгашкан Талас шаардык маданият бөлүмүнүн сүрөт музей бөлүмүнө “Талас шаардык көркөм сүрөт музейи” мекемеси статусу берилген. Музейдин директорлугуна ЮНЕСКОнун VIII сессиясынын делегаты, Милан маданий борборунун мүчөсү, СССР жана Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр уюмунун мүчөсү Жаныбек Рай дайындалган.

Ал эми Талас шаардык көркөм сүрөт музейинин музей фондусунун түптөлүү тарыхына кайрыла кетсек, анын демилгечи-түптөөчүлөрү Канат Бекназаров, Эсенбек Абдырасуловдор болгон. Алгач Талас районунун Таш-Арык айылында, Талас шаарынын мектеп-интернатынын имаратында, андан соң Талас шаардык А. Огонбаев атындагы музыкалык мектептин имаратынан орун алган.

2016-жылы Талас шаардык көркөм сүрөт музейинин жаңы жетекчилиги келген күндөн баштап “Кыргыз Республикасынын музейлери жана Музей фонду жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алып, музейдин экспозициялык залы, көркөм баалуулуктар сакталган живопись, скульптура жана графика фондусу жана илимий кызматкерлер жайгашкан бөлүмдөрү аныкталып (ар бири өзүнчө бөлүнүп), Талас шаардык мэриясынын каржылоосунун натыйжасында толук реконструкциядан өтүп, музей талабына жооп берерлик деңгээлге жеткирилген. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги Г. Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейинин илимий кызматкерлеринин көмөгү-тажрыйбасы аркасында Музей фондунун курамына киргизилген музей буюмдары жана музей коллекциялары жана алардын менчик ээси тууралуу маалыматтарды камтыган эсепке алуу (инвентаризация) документи түзүлгөн.

**Структуралык аянты**
1. Экспозициялык аянты ____________________________ 100 м.кв.
2. Чыгармаларды сактоочу жайлар фондусу:
а) Живопись, скульптура ____________________________ 20 м.кв.
б) Графика ____________________________ 8 м.кв.
3. Директордун кабинети ____________________________ 12 м.кв.
4. Илимий кызматкерлердин кабинети ___________________ 20 м.кв.
5. Коридор____________________________ 20 м.кв.

Талас шаардык көркөм сүрөт музейинин фондусунда 200дөн ашуун живопись, графика, скульптура эмгектери сакталып турат [6].

Бул көркөм баалуулуктарды кыргыз көркөм искусствосунун классиктери, авангардисттери, Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүлөрүнүн, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлердин, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээлеринин эмгектери толуктап турат: Д. Н. Флекман, Т. Курманов, Н. Ахмедов, В. Буторин, В. Герасимов, С. Артыкбаев, Н. Коңурбаев, Р. Рыскулов, Ю. Шыгаев, Сүйүнбек Төрөбеков, Сапар Төрөбеков, Казак Эл сүрөтчүсү У. Паншаев, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер К. Орозматов, С. Осмоналиев, Азим Төрөбеков, Ж. Жакыпов, А. Момбеков, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээлери, скульптор Б. Батырбаев жана А. Солтобаев, “Маданияттын мыкты кызматкерлеринин”, эл аралык, республикалык диплом, грамоталардын ээлеринин баа жеткис эмгектери сакталып турат. Бул көркөм баалуулуктар шаардык, облустук гана эмес, республикалык деңгээлде жогорку баага ээ экени талашсыз.

Бүгүнкү күндө музей фондунун сактоочу жайынын чакандыгына жана экспозиция залынын чектелүүсүнө карабастан, көргөзмөлөр байма-бай өткөрүлүп турат. Германия жана Индия элчилигинин катышуусунда “Немистер Кыргызстандын тарыхында”, “Кыргыз-Индия достугу фестивалы”, АКШнын Вашингтон шаарында жайгашкан эл аралык “Рерихтер Борборунун” “Пакт Рериха. История и современность” аттуу ретроспективалуу көргөзмө долбоору, “Искусство–экология” аттуу республикалык пленэрдик живопись көркөм сүрөт көргөзмөсү ж. б. шаардык, облустук, республикалык, эл аралык көргөзмөлөр өткөрүлүп турат.

Талас шаардык көркөм сүрөт музейинин жамааты жана анын жетекчиси Жаныбек Рай “Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнунда” Талас облустук комиссиясынын курамында болуп, “Этно-шаарча” долбоорун түзүүчү авторлордон болгон. КР Өкмөтүнүн Талас облустук ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн “Алкыш” жарлыгына жана “2016-жыл – Тарых жана маданият жылы” төш белгисине, Талас облустук “Талас турмушу” газетасынын “Жылдын мыкты жетекчиси” номинациясына, Талас шаардык өзүн-өзү башкаруусу-мэриясынын жана Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Жылдын мыкты жамааты”, “Жылдын мыкты жетекчиси” номинациясына жана “Ардак грамотасына” ээ болгон.

Жыйынтыктап айтсак, музей маданияттын уландысын сактоо үчүн мурас катары баалуулуктардын маанилүүлүгүн баса белгилөөгө багытталарын баамдадык. Музей искусствонун, тарыхтын, илимдин, техниканын жана адамзаттын башка чөйрөлөрүндөгү эстеликтерди чогултуу, изилдөө жана сактоочу социалдык-маданий мекеме экени аныкталды. Мындан тышкары, бул мекеме эл көрүү үчүн экспонаттарды көргөзмөгө коюп, билим берүү иш-аракеттери менен алектенери макалада маалымат

катары берилди. Музейдин башаты жеке көркөм коллекциялардан, экспонаттардан жана сейрек кездешүүчү буюмдардан алынат. Музейдин төмөндөгү функциялары бар:

- документтештирүү: экспозициялардын жардамы менен чагылдыруу, ар кандай факторлор, коомдо болуп өткөн окуялар;
- билим берүү жана тарбиялоо: конокторду тарыхый учурлар менен тааныштыруу, калыптандыруу;
- эстетикалык табит;
- эс алууну уюштуруу: келүүчүлөр үчүн жагымдуу экскурсиялардын түрлөрүн өткөрүү, жайлардын ички бөлмөлөрүн эс алуу, иштин театрлаштырылган түрлөрүн колдонуу, концерттерди, балдарды, майрамдарды өткөрүү ж. б. менен, адамдардын жалпы маданий деңгээли жана өлкөнүн калкы анын өткөн тарыхы менен кандай байланышы бар экендигин, ал эмнени жогору баалап, сыймыктанарын айтып берген музей ишин уюштуруу маанилүү.

Демек, музейлердин коомдогу орду чоң экендиги, ошону менен бирге алар тарбиянын жана маданияттын очогу экени да шексиз.

**Адабияттар:**


1. Википедия ачык энциклопедия.
2. Ошол эле.
3. Архив. ст. 4, ед. 74. Таласский р/н
4. Кулова Э. К. История г. Талас (1877-2010 гг.): Диссертация на соискание ученой степени кандидата исторических наук. Специальность: 07.00.02 - отечественная история.
5. ЦГА ПД КР ф. 56, опись 273, д.138. Л. 38.
6. Талас шаардык көркөм сүрөт музейинин директору Жаныбек Райдын маалыматы.
7. Кенешбеков К. А. Талас шаарынын тарыхы. -Бишкек, 1996.


Тиркемелер



*№1 сүрөт.* Аман Токтогуловдун атындагы китепканын алдындагы музей




*№2 сүрөт*. К.Кенешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музей (ТалМУ)



*№2 сүрөт*. К.Кенешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музейде тарыхчы-окумуштуулар жана студенттер конокто (ТалМУ)



*№3 сүрөт.* К.Кеңешбеков атындагы тарыхый-этнографиялык музейге окутуучулар, студенттер тарабынан ар кандай тарыхый буюмдар тапшырылып, толукталып келет.*(ТалМУ)*






*№4 сүрөт. Манас районундагы Кара-Арчадан табылган 4 даана кумура ТалМУда.*




*№5-сүрөт. Р.Я. Рысакова атындагы музейде 200дөн ашык экспонаттар жайгаштырылган*




*№6 сүрөт. Кызыктуу экспонат катары курт-кумурскалардын ажайып коллекциясы*



*№ 7 сүрөт. Экологиялык бөлүмдө жоголуу коркунучунда турган жана өзгөчө коргоого алынган жан-жаныбарлардын жана канаттуулардын сөлөкөттөрү.*



*№8 сүрөт. Талас шаардык көркөм сүрөт музейи.*